**БЕКИТЕМИН**

С.Нааматов атындагы НМУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин Педагогикалык кеңешинде каралды жана бекитилди

«27» ___ 202__ жыл. Протокол №1

АТЭКтин директору _____ Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ИНДИВИДУАЛДЫК ОКУУ ПЛАНЫ МЕНЕН ОКУТУУНУН ТАРТИБИ БОЮНЧА ЖОБОСУ

## 1.Жалпы жоболор

Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү боюнча» мыйзамынын, Орто кесиптик билим берүүдөгү Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, С.Нааматов атындагы НМУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин уставынын негизинде түзүлдү.

Бул жобо С.Нааматов атындагы НМУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжиндеги даярдалып жаткан адистиктердеги Негизги кесиптик билим берүү программасы менен билим алуучулардын Индивидуалдык окуу планы боюнча окуу программасын өздөшүрүү тартибин жөнгө салат.

## 2.Индивидуалдык окуу планыныи максаты жана милдеттери

Индивидуалдык окуу планынын колдонуунун максаты билим берүү программасын өздөштүрүүдөгү

Жеке окуу планынын (мындан ары ЖОП) максаттарына жетүү төмөндөгү милдеттерди ишке ашыруу менен камсыздалат:

билим берүү программасынын мазмунун индивидуалдаштыруунун негизинде өздөштүрүүгө каалоосун билдирген билим алуучулар учун ЖКББПны (Жалпы кесиптик билим беруу программасы) ишке ашыруунун шарттарын түзүү;

-ар түрдүү категориядагы билим алуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө, индивидуалдык кызыгууларына, муктаждыктарына карап толук кандуу билим алуусу үчүн жеткиликтүү шарт тузуп берүү;

жалпы жана кесиптик билим берүүнүн ортосундагы уланмалуулукту ишке ашыруу.

## 3.Индивидуалдык окуу планынын курамы жана мазмуну

3.1. ИОПтун курамы колледж тарабынан өз алдынча аныкталат.

3.2.ИОПтун курамы камтууга тийиш:

- орто кесиптик билим берүүнүн программалары боюнча ЖКББПнын мазмунунун уланмалуулугун камсыздоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына, жалпы кесиптик билим берүү программасынын мазмунуна, билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын кызыкчылыктарына ылайык келүүсүнө.

3.3.ИОПтун мазмуну аныктайт:

- мамлекеттик билим берүү стандарттары;

- кесиптик функциялардын салыштырмалуу анализи (квалификациялык мүнөздөмөлөрү боюнча);
- ЖКББПнын курамы жана аны өздөштүрүүдөгү талаптар менен натыйжалардагы салыштырмалуу анализ жана билим алуучунун алган билимин тастыктоочу документтердеги маалыматтар.

3.4.Индивидуалдык окуу планын түзүүдө төмөндөгү шарттар сакталышы керек:
-дисциплиналардын аталышы жана бөлүштүрүлүшү билим алуунун нормативдик мөөнөтү эске алынып бекитилген окуу пландарына туура келиши;
-билим алуучунун өз алдынча аткаруучу иштерининин үлүшү көбөйтүлүшү мүмкүн;
-ЖКББПнын вариативдүү бөлүгүндөгү дисциплиналардын жалпы көлөмү даярдоо багыттары боюнча мамлекеттик стандарттагы көрсөтүлгөндөн кем болбошу;
-практика учун бөлүнүүчү убакыттын эске алынышы.

3.5.Окуу дисциплиналарынын (модулдардын), практиалардын, мамлекеттик жыйынтыктоочу атттестацияларднын программасы катары нормативдик окуу мөөнөтүн камтыган ЖКББП үчүн түзүлгөн окутуудагы программалар колдонулат.

## 4.Индивидуалдык окуу программалары боюнча окутууга уруксат берүүнүн тартиби

4.1.Жеке окуу планы менен окутуу өз ичине ЖКББПнын курамындагы дисциплиналар

топтомунун билим алуучу өз алдынча өздөштүрүүсүн камтыган окуу процессии уюштуруу формасын камтыйт. ИОП өз ичине окуу планында окутуу мөөнтү жана аттестацилооонун формасы каралган окуу дисциплиналарынын топтомун камтыйт.

4.2.ИОП боюнча окутууга өтүү бир же бир нече дисциплиналарды, дисциплиналар аралык комплекс, кесиптик (профессионалдык) модулдарды өздөштүрүү учун ишке ашырылат.

4.3.ИОП өзүнчө категориялардагы билим алуучуларга дисциплиналардын (кесиптик модулдардын) программаларындагы талаптарды аткарууга жана колледж тарабынан аныкталган сессиялар убагындагы аралыктагы аттестацияларды өткөрүүгө мүмкүндүк түзөт.

4.4.Индивидуалдык окуу планы менен окууга төмөндөгү категориядагы билим алуучуларга уруксат берилет:
- колледждин студенттеринен болушкан биринчи курстун программасын өздөштүрүп бүтүшкөн билим алуучулар;
- толук орто билимди (мектеп программасын толук өздөштүргөндөр) аяктап тапшырган билим алуучулар;

- мурда колледждин билим алуучусу болуп кайрадан окуусун кайра калыбына келтирген билим алуучулар;

-башка окуу жайлардан которулуп келген билим алуучулар;
-мурда башталгыч кесиптик билимге ээ болуу менен толук орто билимин тастыктоочу документи (аттестаты) бар билим алуучулар;
-мурда орто кесиптик, билимге ээ болушкан билим алуучулар;
-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан республикабыздагы билим берүү баскычтарындагы толук орто билим алгандыгын тастыктаган документке (аттестат) экивиалентүү деп таанылган документтери бар окуу жайдын Кабыл алуу сынактарын ийгиликтүү тапшырышкан чет элдик жарандар, кайрылман статусундагылар, жарандык алышкандар;

4.5.Индивидуалдык окуу планы менен окуутуу семестр аралыгындагы моменттер менен биринчи курстун прсграммасын өздөштүрүп бүткөндөн соң гана окуу жайдын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө окушкан билим алуучуларга карата өз каалоолору менен жүргүзүлөт. ИОП менен окутууда семестрлердин саны чектелбейт. Бекитилген индивидуалдык окуу планынын шарттары билим алуучу тарабынан аткарылбаган шартта индивидуалдык окуу планы менен окутууну мөөнөтүнөн мурда токтотуу колледждин Педагогикалык кеңешинде каралат.

4.6.ИОП менен окутууга билим алуучунун жеке кайрылуусунун негизинде
(1- тиркеме) колледждин директорунун буйругу менен уруксат берилет.

4.7.Индивидуалдык окуу планы менен окуу боюнча кайрылуу, ал жиберилген күндөн баштап 10 жумуш күндүк мөөнөттө каралат. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаган соң кайрылуучу уруксат берилүүчү буйруктун көчүрмөсүн же жазуу түрүндөгү баш тартууну ала алат.

4.8. Билим алуучулар категориясына жараша ИОП боюнча окуу учун арыз тапшырганда төмөндөгү документтерди кошо тапшырат:
-өздүгүн тактоочу документин (паспорт);
-медициналык маалымдама (у-086);
-мурдагы алган билимин тастыктоочу документин (эгер бар болсо);
-эгер окуусун калыбына келтирип жаткан же башка окуу жайдан которулуп келген болсо болсо академиялык маалымдамасын;
-академиялык мобилдүүлүктүн чегинде башка окуу жайдан келип адистигине туура келген багыт боюнча колледжде билим алууну улантып жатса буга чейинки модулдарды өздөштүрүүсү боюнча академиялык маалымдамасын.
4.9. Цикл жетекчиси буйрук чыгарылгандан кийин 3 күндүн аралыгында окуу программасы боюнча айырма сабактарын тактап, билим алуучунун курсун жана группасып аныктайт;

-Индивидуалдык окуу планынын долбоорун түзөт.

## 5.Индивидуалдык окуу планы менен билим алуучунун милдеттенмелери

5.1. Билим алуучу индивидуалдык окуу планында белгиленген сабактарга катышуу, жеке тапшырмаларды студенттин өздүк иштерин аткаруу, практикаларды өтөө менен билим берүү программасын толук жана ак ниетүүлүк менен өздөштүрүүсү керек.

5.2. Индивидуалдык окуу планы менен билим алуу студентти окуу жүгүртмөсү менен сабактарга туруктуу катышуусндан бошотушу мумкун, бирок негизги кесиптик билим берүү прграммасын толук өздөштүрүүдөн бошотпойт. Кээ бир лекциялык, практикалык, лабороториялык сабактар, рефераттарды, текшерүү иштерин, тестирлөөнү, практикалык иштерди аткарууга алмаштылуусу каралышы мүмкүн.

5.3. Билим алуучу окуу планында каралган аралыктагы жана жыйынтыктоочу аттестацияларды толук тапшырууга милдеттүү.

5.4. Билим алуучу индивидуалдык окуу планына кол коюгандан баштап аны аткаруунун жеке жоопкерчилине алат.

5.5. Индивидуалдык окуу планын белгиленген мөөнөттө аткарбоо билим берүү программасын өздөштүрбөө катары каралат.

5.6. Билим алуучу жеке арызы менен Негизги билим берүү программасын Индивидуалдык окуу планы менен өздөштүрүүдөн баш тартып нормативдик окуу мөөнөтү менен өздөштүрүүгө өтө алат.

5.7. Бюджеттик окутуу формасындагы студент Негизги билим берүү программасын

Индивидуалдык окуу планы менен өздөштүрүүгө өтсө ага стипендия төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Өкмөтүнүн токтомдорунун жана башка нормативдик актыларынын чегинде белгиленген тартиптер менен жүргүзүлөт.

## 6.Индивидуалдык окуу планы боюнча окуу процессии уюштуруу

6.1.Окуу группаларындагы дисциплиналар боюнча сабак өтүүчү окутуучу түзүлгөн график менен билим алуучуга консультацияларды берет, текшерүү иштерин, курстук иштерин, өз алдынча иштерин текшерет, зачет жана экзамен алат.

6.2. ИОП боюнча билим алуу студентти окуу планынын чегинде жүргүзүлүүчү аралыктагы аттестациялардан жана башка билимин текшерүүчү көзөмөлдөрдөн бошотпойт.

6.3. ИОП менен окутуу учурунда дистанциялык формада аралыктагы жана мамлекеттик аттестацияларды алууга, окуу-өндүрүштүк практикаларды жүргүзүүгө жол берилбейт.

6.4. Билим алуучу аралыктагы аттестацияларды тапшырган соң, окутуучу анын

жыйынтыктарын зачеттук китепчеге (эгер ал окуу жай тарабынан киргизилсе) жана аралыктагы аттестациялардын жыйынтыгын түшүрүүчү баракчага түшүрөт.

6.5. Билим алуучунун окуу планында көргөзүлгөн дисциплиналар, практикалар, курстук иштер боюнча академиялык карыздары жана контракттык төлөмдөр боюнча карыздары болсо ага мамлекеттик аттестацияларга катышууга уруксат берилбейт.

**7. Индивидуалдык окуу планын каржылык камсыздоо**

7.1. Индивидуалдык окуу планын каржылык камсыздоо мамлекеттин эсебинен каржылануучу бюджеттик каражаттардын эсебинен же адистеди даярдоодогу келишимдин чегиндеги бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

7.8. Индивидуалдык окуу планын ишке ашырууга тартылган педагогикалык кызматкерлерге акы төлөө окуу жай тарабынан бекитилген педагогикалык жүктөмгө жана тарификацияларга ылайык жүргүзүлөт.